**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2009-жылдын IV чейреги

**2010-жылдын январь айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Абдыбалы тегин С.
Кеңештин мүчөлөрү: Цыплакова Л.Н.
Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Айдарова А.К.

Жооптуу катчы: Аманов Б.К.

Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 059 телефону,
(996 312) 610 730 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: bamanov@nbkr.kg

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 009 телефону,
(996 312) 610 730 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын, инфляциянын негизги факторлоруна жүргүзүлгөн иликтөөлөр, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматтар камтылат жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2010-жылдын 26-январы.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет Министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

"МЧМ Дифайн плюс" ЖЧКсынын басма борборунда басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2010-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чыгарылган "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Аталган басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматтарды, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылма Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Чейрек сайын - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө финансылык ортомчу катары иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды берип туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда бир жума ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

МАЗМУНУ

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ ................................ 5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш .................. 5
1.1.1. Суроо-талап ........................................................................................................ 5
1.1.2. Сунуш ................................................................................................................. 9
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар ................................................................ 12
1.3. Тышкы экономикалык шарттар .............................................................................. 17
1.4. Валюта курсу ........................................................................................................ 21

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР .................................................... 23

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр .............................. 23
2.1.1. Азык-түлүк товарларына карата баа динамикасы ................................................ 24
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы .............................................. 26
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы .............................................................. 26
2.1.4. Керектөө бааларынын региондор боюнча динамикасы ......................................... 27
2.2. Базалык инфляция ................................................................................................ 28

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ ..................................................... 30

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери ................................................... 30
3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери ................................. 31

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР ......................................... 33

4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор ........................ 33
4.2. 2010-жылга жана 2010-жылдын 1-чейрегине карата инфляциянын болжолдоолор ....... 35

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ .................................................................................... 38

ГЛОССАРИЙ ............................................................................................................. 44

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ ................................................................... 47

# 1-глава. Кыргыз Республикасынын экономикалык абалы

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2009-жыл үчүн алдын-ала алынган маалыматтар боюнча ИДПнын көлөмү учурдагы баа боюнча 2008-жылдагы көлөмүнө салыштырганда реалдуу мааниде 2,3 пайызга (КР УСКнын такталган маалыматтары боюнча 2008-жылы реалдуу өсүш 8,4 пайызды[1] түзгөн) көбөйүү менен 196,4 млрд. сомду түзгөн (4,6 млрд. АКШ доллары). Калайык-калктын ар бир адамына эсептегенде ИДПнын көлөмү 38,3 миң сомду түзгөн (888 АКШ доллары), бул 2008-жылдагыга караганда 1,3 пайызга көп.

**1.1.1-таблица. Чыгашалардын түрү боюнча ИДПнын реалдуу өсүш арымы**
*(жыл башынан тартып, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыздарда)*

| | 2008 | | | | 2009 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | I | II | III |
| **Колдонулган ИДП** | **5,2** | **6,1** | **5,9** | **8,4** | **0,2** | **0,3** | **2,9** |
| Түпкү керектөө | 15,1 | 15,7 | 14,8 | 10,8 | -1,3 | -6,9 | -0,8 |
| Жеке керектөө | 16,0 | 16,8 | 15,7 | 11,5 | -1,6 | -7,2 | -0,9 |
| Үй чарбасы | 17,9 | 19,1 | 17,7 | 13,4 | -1,7 | -8,0 | -0,9 |
| ҮЧТКУ | 1,6 | -1,9 | -2,0 | -14,4 | -6,3 | -4,3 | -5,1 |
| Мамлекеттик мекемелердики | 1,0 | 0,7 | 1,0 | 0,7 | 0,1 | -0,3 | -0,2 |
| Жамааттык пайдалануу | 1,8 | 1,7 | 1,7 | 2,3 | 4,1 | -2,6 | 0,3 |
| Дүң топтоо | -14,7 | -13,8 | -5,9 | 13,9 | -22,6 | -22,8 | -18,0 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту | 37,7 | 32,4 | 42,6 | 21,1 | -20,7 | -42,7 | -36,5 |
| Экспорт | -1,2 | 12,3 | 8,1 | 9,1 | -3,2 | 5,6 | 0,1 |
| Импорт | 13,7 | 20,2 | 20,4 | 13,6 | -11,1 | -16,6 | -15,6 |


*Булагы: КР УСК*
*Эскертүү: 2008-жыл ичинде корутунду сандар гана такталган, ошондуктан чейректик бөлүштүрүүдө болжолдуу маалыматтар келтирилген.*

2009-жылдын январь-ноябрь айларында эмгек акынын реалдуу өсүшү алдын ала-алынган маалыматтар боюнча 2008-жылдагы ушул эле мезгилиндеги 8,8 пайызга салыштырганда 7,8 пайызды түзгөн. 2009-жыл ичинде орточо айлык эмгек акынын өсүш арымынын басаңдоосу бүтүндөй республика сыяктуу эле, анын аймактары боюнча да байкалган.

Калктын кирешелерин дифференциациялоо мурдагыдай эле жогору бойдон калган. Акчалай кирешелердин жалпы көлөмүн калктын бөлүштүрүлгөн топторунун 20 пайызды түзгөндөрү боюнча бөлүштүрүү кирешелери жогору болгон топтордун пайдасына түптөлгөн. Алсак, 2009-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча кыйла камсыз болгон топтордун кирешелеринин үлүшү 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 7,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 43,0 пайызын түзгөн. Ал эми калктын азыраак камсыз болгондору кирген 20 пайыздык катмарынын кирешелеринин үлүшү 2.4. пайыздык пунктка өсүү менен 6,6 пайызды түзгөн.

[1] КР УСК тарабынан 2008-жыл үчүн ИДП боюнча корутунду маалыматтар такталган жана кайра каралган.

**1.1.1-сүрөт. Квинтиль топтору боюнча калктын акчалай кирешелеринин структурасы**
*(жыл башынан тартып)*




2009-жыл үчүн алдын-ала алынган маалыматтар боюнча жеке адамдардын которуу системалары боюнча акча каражаттарынын агымынын кыскаруусу катталган. 2009-жылдын январь-декабрь айларындагы таза агылып кирүүнүн жалпы көлөмү 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө караганда 245,0 млн. АКШ долларына же 21,5 пайызга төмөндөгөн.

**1.1.2-таблица. Жеке адамдардын которуу системасы боюнча которуулары***
*(млн. АКШ долларында)*

| | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009** |
|---|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **270,8** | **430,3** | **625,5** | **1 138,2** | **893,2** |
| **Агылып кирүүлөр** | **297,7** | **470,0** | **688,2** | **1 205,5** | **966,7** |
| КМШ өлкөлөрү | 262,8 | 436,7 | 648,8 | 1 141,4 | 894,4 |
| Казакстан | 0,2 | 0,0 | 7,0 | 27,9 | 31,4 |
| Россия | 262,6 | 436,6 | 641,8 | 1 113,5 | 862,9 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 34,9 | 33,4 | 39,4 | 64,1 | 72,3 |
| Бельгия | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,5 | 0,5 |
| Улуубритания | 0,9 | 0,9 | 0,9 | 1,8 | 1,4 |
| Германия | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,2 | 0,7 |
| АКШ | 33,9 | 32,2 | 38,3 | 61,4 | 69,5 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,1 | 0,0 | 0,2 | 0,3 |
| **Агылып чыгуулар** | **26,9** | **39,7** | **62,7** | **67,3** | **73,6** |
| КМШ өлкөлөрү | 25,2 | 38,5 | 60,2 | 65,0 | 71,8 |
| Казакстан | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 2,5 | 0,7 |
| Россия | 25,2 | 38,4 | 60,0 | 62,5 | 71,1 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,7 | 1,2 | 2,5 | 2,3 | 1,8 |
| Бельгия | 0,0 | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,2 |
| Германия | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 0,4 | 0,4 |
| АКШ | 1,1 | 1,1 | 2,1 | 1,7 | 1,1 |
| Жана башкалар | 0,5 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Сибконтакт, Тез почта, Аллюр жана акча которуу системасынын башка түрлөрү жана "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасы аркылуу которуулар.
** алдын-ала алынган маалыматтар.


Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук Казналыгынын маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 2009-жылы 2,9 млрд. сомду же ИДПга карата 1,5 пайызды түзгөн. Мында, чет мамлекеттерден түшкөн гранттарды эске албаганда, бюджет 13,1 млрд. сом же ИДПга карата 6,7 пайыз чегиндеги тартыштыгы менен аткарылган.

2009-жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары 50,0 млрд. сомду түзгөн. Бюджеттик чыгашалардын олуттуу бөлүгү керектөөгө жана структуралык проблемалардын орун алышынан улам кыскарбай келе жаткан утурумдук чыгашалардын ордун жабууга багытталган. Алсак, эмгек акыга чыгашалар жана Кыргыз Республикасынын Социалдык Фондусуна, ошондой эле социалдык пособиелерге чегерүүлөр операциялык иштерге мамлекеттик чыгашалардын жалпы көлөмүнөн 44,5 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде, операциялык чыгашалардын көбөйүүсүнөн тышкары, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операциялары боюнча бюджеттик чегерүүлөрдүн өсүшү да катталган. Мындай операциялар боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 17,8 пайызга көбөйүү менен 8,2 млрд. сомду түзгөн.

2009-жылы мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана алынган расмий трансферттер 55,3 млрд. сомду же ИДПга карата 28,2 пайызды түзгөн. 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда өсүш арымы кыскарып, 21,6 пайызды түзгөн, бул акыркы беш жыл аралыгындагы кирешелердин жана алынган расмий трансферттердин өсүшүнүн түптөлгөн орточо жылдык деңгээлинен алда канча төмөн. Мында, мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин алгылыктуу өсүш арымы негизинен, чет өлкө уюмдарынан жана мамлекеттерден 10,2 млрд. сом өлчөмүндө, атап айтканда, Россия Федерациясынан – 6,4 млрд. сом өлчөмүндө расмий трансферттердин түшүүсү менен камсыз болгон.

**1.1.2-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(жыл башынан тартып)*



Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча 19,7 пайызга өсүү менен 38,7 млрд. сомду түзгөн. Негизги капиталга инвестициялардын түзүмүндө 10,7 пайыз «Камбар-Ата ГЭС-2» курулушуна жана 24,4 пайыз – турак жай курулушуна туура келген, анын ичинде өз алдынча куру ишине инвестициялар, инвестициялардын жалпы көлөмүнөн 17,9 пайызды түзгөн.

Каржылоо булактары боюнча «Камбар-Ата ГЭС-2» курулушу республикалык бюджеттин (48,5 пайыз), банктардын кредиттеринин (49,0 пайыз), ишканалардын жана уюмдардын (2,5 пайыз) каражаттарынын эсебинен ишке ашырылууда. Турак-жай курулушуна инвестициялар негизинен калайык-калктын каражаттарынын эсебинен каржыланган.


**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыздарда | |
|---|---|---|---|---|
| | 2008 | 2009 | 2008 | 2009 |
| **Бардыгы болуп** | **32 535,0** | **38 690,5** | **100,0** | **100,0** |
| **Ички инвестициялар** | **20 810,5** | **28 708,2** | **64,0** | **74,2** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каражаттарды кошо алганда) | 3 543,1 | 4 746,2 | 10,9 | 12,3 |
| Жергиликтүү бюджет | 573,5 | 743,3 | 1,8 | 1,9 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 7 459,4 | 9 210,7 | 22,9 | 23,8 |
| Банктын кредити | 267,3 | 2 324,3 | 0,8 | 6,0 |
| Калайык калктын каражаттары | 8 967,2 | 11 683,3 | 27,6 | 30,2 |
| Кайрымдуулук жардамы | 0,0 | 0,4 | 0,0 | 0,0 |
| **Тышкы инвестициялар** | **11 724,5** | **9 982,3** | **36,0** | **25,8** |
| Чет өлкө кредити | 4 137,2 | 5 931,1 | 12,7 | 15,3 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 6 410,3 | 2 866,4 | 19,7 | 7,4 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 1 177,0 | 1 184,8 | 3,6 | 3,1 |

*Булагы: КР УСК*


Банктардын кредит портфелинин көлөмү 2008-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 1,5 пайызга төмөндөө менен (2008-жылы кредит портфели 22,8 пайызга көбөйгөн) 2009-жылдын акырына карата 25,2 млрд. сомду түзгөн. Өлкөдө жана аймактарда экономикалык жигердүүлүктүн басаңдашы, демек, банктардын карыз алуучуларынын финансылык абалынын аныксыздыгына байланыштуу тобокелдиктердин артып жатышы түпкүлүгүндө келип, кредит портфелинин кыскаруусунун негизги себебинен болгон. Банктардын кредит портфелинин түзүмүндө соода операцияларын жана айыл чарбаны кредиттөөнү эске албаганда, дээрлик бардык тармактар боюнча кредиттөөнүн кыскаруусу катталган. Алсак, курулуш багытын кредиттөө 19,8 пайызга кыскарган, ал эми 2008-жылы бул тармакка кредиттер 70,6 пайызга өскөн эле. Ипотекалык кредиттөө 14,1 пайызга кыскарган, мында кредит портфелинин түзүмүндөгү ипотеканын үлүшү 2008-жылдагы 14,0 пайыздан 2009-жылдагы 12,2 пайызга чейин төмөндөгөн.

**1.1.3-сүрөт. Коммерциялык банктардын кредиттик портфелинин тармактык түзүмү**
*(бир мезгилдин акырына карата)*




Ушуну менен катар эле, 2009-жылы банктык эмес финансы-кредит мекемелери тарабынан кредиттердин өсүшү катталган. Алсак, алдын-ала алынган маалыматтар боюнча, БФКМдердин кредит портфели 2009-жылдын акырына карата 13,8 млрд. сомду түзгөн, бул 2008-жылдагыга караганда 86,8 пайызга көп. Өсүш негизинен Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусунун курулушту жана ипотеканы каржылоосу менен камсыз кылынган, ошону менен бирге эле башка тармактарда да БФКМдердин кредиттөөсүнүн өсүшү катталган.

**1.1.4-сүрөт. БФКМдердин кредит портфелинин тармактык түзүмү**
*(бир мезгилдин акырына карата)*




## 1.1.2. Сунуш

2009-жылы ИДПнын өсүшүнө айыл чарбасы, транспорт жана байланыш, курулуш жана соода негизги салым кошкон. 2009-жылы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн чогуу алгандагы сунушунун негизги көлөмү айыл чарба продукциялары (ИДПнын жалпы көлөмүнөн 22,1 пай-

ыз), соода (16,4 пайыз), өнөр жай продукциялары (14,4 пайыз) жана транспорт жана байланыш тармагы (9,1 пайыз) менен камсыз кылынган.

Ошондой болсо да, бүтүндөй алганда жыл башынан тартып экономикада экономикалык өсүш арымынын олуттуу басаңдоосу байкалган, ал эң башкысы, соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөр (Казакстан, Россия, Кытай) тарабынан өнөр жай продукциясына карата суроо-талаптын төмөндөөсү жана «Кумтөр» алтын-кенин казып алуу ишканаларында алтын өндүрүүнүн көлөмүнүн 2008-жылга салыштырганда төмөн болушу менен шартталган.

**1.1.5-таблица. ИДПнын өсүшүнө/төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | 2008 | | 2009 | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң продукт** | **8,4** | **8,4** | **2,3** | **2,3** |
| Дүң кошулган нарк | 8,4 | 7,3 | 2,4 | 2,1 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 0,9 | 0,2 | 7,4 | 1,7 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 9,1 | 0,0 | 4,7 | 0,0 |
| Кайра иштетүүчү өнөр жай | 21,2 | 2,1 | -7,8 | -1,0 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | -7,4 | -0,2 | -1,3 | 0,0 |
| Курулуш | 10,8 | 0,4 | 6,3 | 0,3 |
| Соода, ремонт | 9,6 | 1,7 | 1,8 | 0,3 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 13,3 | 0,2 | 4,0 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 31,1 | 2,3 | 5,1 | 0,4 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 5,5 | 0,0 | 6,3 | 0,1 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 10,2 | 0,3 | 0,0 | 0,0 |
| Мамлекеттик тескөө | 2,9 | 0,1 | 5,0 | 0,2 |
| Билим берүү | 1,4 | 0,1 | 1,1 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | -0,4 | 0,0 | -0,4 | 0,0 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | -0,8 | 0,0 | -3,6 | -0,1 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 8,4 | 1,1 | 2,3 | 0,3 |

*Булагы: КР УСК*

2009-жылдын жыйынтыгы боюнча айыл чарба продукциясын дүң чыгаруу 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 7,4 пайызга өскөн жана экономиканын өсүшүнө эң чоң салым кошкон. Айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн өсүшү дан эгиндеринин мол түшүмдүүлүгү менен шартталган. Алсак, бүтүндөй республика боюнча буудай (тазалангандан кийинки салмакта) 2007-жылдагыга караганда 27,7 пайызга көп жыйналган, ал эми жүгөрүнү кошо алганда дан эгининин жана буурчактын түшүмдүүлүгү 2008-жылдагы гектарынан 23,2 центнерге салыштырганда 2009-жылы гектарынан 29,3 центнерди түзгөн (мында, буудайга баа жыл башындагы 11,4 сом/кг.дан 2009-жылдын декабрында 6,1 сом/кг.га чейин төмөндөгөн).

Соода операцияларынын жүгүртүүсү 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча алынган 9,6 пайызга салыштырганда, 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча 0,6 пайызга өскөн мында, соодадагы кошумча нарктын өсүшү 1,8

пайызды түзгөн. Тармактар түзүмүндө 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча чекене сооданын өсүш арымынын 2008-жылдагы 9,1-пайызга салыштырганда, 0,9 пайызга чейин басаңдоосу катталган. Дүңүнөн сооданын жүгүртүүлөрү да 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 3,9 пайызга төмөндөгөн. 2009-жылы сооданы арттыруунун басаңдоосунун негизги себебинен болуп, дүйнөлүк кризистин терс таасиринин натыйжасы катары аймактарда керектөө суроо-талабынын жана ишкердик жигердүүлүктүн төмөндөөсү саналган.

**1.1.6-таблица. Соода операцияларынын динамикасы жана структурасы**

| | 2008 | | 2009 | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *жыйынтыгына карата пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *жыйынтыгына карата пайыздар* |
| **Соода** | **9,6** | **100,0** | **0,6** | **100,0** |
| Авто жана мото техникалары, алардын тетиктери менен соода жүргүзүү | 15,3 | 3,3 | -2,4 | 3,5 |
| Техникалык тейлөө жана авто ремонт | 12,1 | 0,6 | 10,4 | 0,6 |
| Мотор отундарын чекене сатуу | 13,6 | 7,8 | 19,7 | 7,1 |
| Дүң соода | 8,6 | 35,6 | -3,9 | 34,5 |
| Чекене соода | 9,1 | 52,5 | 0,9 | 53,9 |
| Турмуш-тиричилик буюмдарын ремонттоо | 23,8 | 0,3 | -1,1 | 0,3 |

*Булагы: КР УСК*

УСКнын маалыматтары боюнча 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшү 106,8 пайызды түзгөн. Акыркы жылдарда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн динамикасы өсүштүн айрым белгилеринин байкалып жаткандыгын тастыктоодо. Мында, эмгек өндүрүмдүүлүгү менен реалдуу эмгек акынын өсүшүнүн көрсөткүчтөрүндө олуттуу дисбаланс дале болсо сакталып калган, демек, бул теориялык жактан алып караганда, экономикада кошумча инфляциялык басым орун алып тургандыгын көрсөтөт.

**1.1.7-таблица. Экономикалык иштин түрлөрү боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгү**
*(өткөн жылга карата пайыздар)*

| | 2004 | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Ички дүң продукт** | **104,6** | **97,1** | **102,2** | **105,6** | **106,8** |
| Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы | 105,8 | 96,8 | 106,9 | 104,1 | 100,7 |
| Балык өстүрүү жана балык уулоо | 118,1 | 97,6 | 250,2 | 101,0 | 477,2 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 90,3 | 97,5 | 97,2 | 84,6 | 110,7 |
| Кайра иштетүүчү өнөр жай | 97,0 | 76,9 | 79,2 | 105,2 | 122,4 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 93,6 | 99,6 | 98,2 | 99,8 | 94,0 |
| Курулуш | 88,2 | 96,3 | 100,9 | 116,9 | 102,5 |
| Соода, ремонт | 114,0 | 105,5 | 112,3 | 107,9 | 108,7 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 90,0 | 92,6 | 119,7 | 94,9 | 99,9 |
| Транспорт жана байланыш | 104,6 | 99,8 | 105,4 | 130,3 | 130,5 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 95,8 | 105,4 | 103,1 | 106,3 | 84,2 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 90,9 | 95,1 | 95,7 | 83,5 | 101,5 |
| Мамлекеттик тескөө | 101,5 | 100,9 | 101,1 | 96,3 | 108,0 |
| Билим берүү | 99,9 | 100,7 | 104,4 | 97,7 | 101,7 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 98,6 | 103,6 | 96,6 | 102,5 | 99,5 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | 96,9 | 99,1 | 96,2 | 115,4 | 86,4 |
| ***Маалымат үчүн*** | | | | | |
| **Эмгек акынын реалдуу өсүшү** | **112,3** | **111,8** | **112,7** | **119,0** | **109,2** |
| **ИДПнын реалдуу өсүшү** | **107,0** | **99,8** | **103,1** | **108,5** | **108,4** |

*Булагы: КР УСК*

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Акча базасы 2009-жылдын төртүнчү чейреги ичинде номиналдык түрдө алганда 13,9 пайызга көбөйүү менен (2008-жылдын төртүнчү чейрегинде көбөйүү 0,6 пайызды түзгөн) 2010-жылдын 1-январына карата 41,6 млрд. сомду түзгөн, ал эми жылдык мааниде алганда акча базасы 18,3 пайызга көбөйгөн.

2009-жылдын төртүнчү чейрегинде акча базасынын өзгөрүүсүнө аны 134,5 млн. сомго көбөйткөн Улуттук банктын операциялары сыяктуу эле, 4,9 млрд. сомго көбөйткөн Өкмөттүк операциялар да таасирин тийгизген (2008-жылдын төртүнчү чейрегинде акча базасынын көбөйүүсү 207,6 млн. сомду түзгөн, мында Өкмөттүн операциялары аны 781,4 млн. сомго көбөйткөн, ал эми Улуттук банктын операциялары акча базасын 573,8 млн. сомго кыскарткан).

2010-жылдын 1-январына карата жүгүртүүдөгү акча 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 14,9 пайызга көбөйүү менен (2008-жылдын төртүнчү чейрегинде көбөйүү 0,6 пайызды түзгөн) 35,7 млрд. сом чегинде катталган. Жүгүртүүдөгү акчанын өсүшү жылдык мааниде алганда 16,0 пайызды түзгөн.

Акча базасынын түзүмүндө жүгүртүүдөгү нак акчанын үлүшү 2009-жылдын баш жагындагы 87,6 пайызга салыштырганда 2009-жылдын декабрь айынын акырындагы 85,9 пайызга чейин кыскаруу жүргөн, демек, коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттардын үлүшү 12,4 пайыздан 14,1 пайызга чейин көбөйгөн.

**M2 акча топтому**

M2 акча массасы 2009-жылдын төртүнчү чейрек ичинде 14,4 пайызга көбөйүү менен (2008-жылдын төртүнчү чейрегинде M2 нин азаюусу 2,8 пайызды түзгөн) 2010-жылдын 1-январына карата 43,5 млрд. сомду түзгөн. M2 акча массасынын өсүшү жылдык мааниде 13,8 пайызды түзгөн.

M2 акча топтомунун көлөмүнүн өсүшү банктан тышкаркы акчалардын 15,1 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттердин 12,3 пайызга көбөйүүсү менен шартталган. Мында, башка депозиттердин (мөөнөттүү) көлөмүнүн көбөйүүсү 18,4 пайызды, ал эми которулма депозиттердин (талап боюнча төлөнүүчү) көлөмү 9,3 пайызды түзгөн.

**M2X акча топтому**

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмү 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 15,3 пайызга көбөйүү менен (2008-жылдын ушул эле мезгилинде M2X азаюусу 1,9 пайызды түзгөн) 2010-жылдын 1-январына карата 57,1 млрд. сомду түзгөн; жылдык мааниде M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 17,9 пайызга көбөйгөн.

2009-жылдын төртүнчү чейрегинде M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын өзгөрүүсү депозиттердин[1] жалпы көлөмүнүн 15,7 пайызга (мында чет өлкө валютасындагы депозиттердин көбөйүүсү 18,2 пайызды, ал эми улуттук валютадагы депозиттердики 12,3 пайызды түзгөн) жана банктардан тышкаркы нак акчалардын 15,1 пайызга көбөйүүсүнөн эсебинен жүргөн (2008-жылдын төртүнчү чейрегинде M2X өзгөрүүсү банктардан тышкаркы нак акчалардын 0,4 пайызга көбөйүүсүнүн жана депозиттердин жалпы көлөмүнүн 5,4 пайызга төмөндөөсүнүн эсебинен байкалган).

M2X акча массасынын түзүмү 2009-жылдын декабрь айынын акырына карата 2009-жылдын башталышына салыштырганда төмөнкүдөй өзгөрүүлөргө дуушар болгон:

- банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 60,6 пайыздан 59,3 пайызга чейин азайган;
- Улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 18,2 пайыздан 16,8 пайызга чейин азайган;
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,1 пайыздан 23,9 пайызга чейин көбөйгөн.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча мультипликатору жыл башындагыга салыштырганда бир аз азаюу менен 2010-жылдын 1 январына карата 1,374 (2009-жылдын 1 январына карата – 1,378) түзгөн.


M2X кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын жүгүртүү тездиги 2010-жылдын 1-январына карата 4,2 түзгөн (2009-жылдын 1 январына ка-

---

[2] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча жалпы депозит өзүндө жеке адамдардын жана юридкалык жактардын депозиттерин, ошондой эле башка финансы-кредит мекмелеринин депозиттерин камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.


рата – 4,1). Экономиканы монетизациялоонун M2X акча топтому боюнча эсептелинген коэфициенти 24,0 пайыз (2009-жылдын 1-январына карата – 24,5) чегинде катталган.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**




2009-жылдын төртүнчү чейрегинде финансы рыногунун бардык сегменттеринде пайыздык чендердин төмөндөө тенденциясы сакталып турган, бул коммерциялык банктарда ликвиддүүлүктүн көбөйүүсү, ошондой эле өлкөдө инфляция деңгээлинин уланып жаткан төмөндөөсү алкагында мамлекеттик баалуу кагаздарга карата жогорку суроо-талаптын сакталып турушу менен шартталган.


**1.2.2-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**




Улуттук банк, 2009-жылдын октябрь-декабрь айларында өз ноталарын сатуу көлөмүн бир кыйла кыскартуу менен аларды банк тутумунан үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу инструменти катары пайдаланууусун уланткан.

Ошол эле учурда, коммерциялык банктарда ликвиддүүлүк деңгээлинин өсүшү шартында, инвесторлор тарабынан ноталарга карата суроо-талап жогору бойдон калган. Бул, кароого алынып жаткан мезгил ичинде ушул баалуу кагаздардын кирешелүүлүгүнүн андан-ары төмөндөөсүнө түрткү берген. Октябрь жана ноябрь айларында гана, банктарда үстөк камдардын кыска мөөнөттүү өзгөрүүсүнө байланыштуу, суроо-талаптын төмөндөөсү катталган, бул алардын кирешелүүлүүнүн өзгөрүүсүнө алып келген. Бүтүндөй алганда, 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын орточо алынган кирешелүүлүгү үчүнчү чейректеги кирешелүүлүккө карганда 2,6 п.п., 1,2 пайызга чейин, жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталардыкы – 3,4 п.п., 1,5 пайызга чейин, 28 күндүк ноталар сегментинде – 3,5 п.п., 1,6 пайызга чейин төмөндөгөн. 2008-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгү 7,7 п.п., 14 күндүк ноталардыкы – 6,4 п.п., 28 күндүк ноталары – 8,2 п.п. азайган. Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 91 жана 182 күндүк ноталарын жайгаштыруу боюнча аукциондор өткөрүлгөн эмес.

**1.2.3-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**





Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо алынган мааниси катары аныкталган, акыркы 4 аукциондо калыптанган эсептик чен, жылдын акырына карата 0,9 пайызды түзүү менен кароого алынып жаткан мезгил ичинде тарыхтагы эң төмөнкү мааниге чейин төмөндөгөн, бул чейрек башындагы ушул эле көрсөткүчтөн 2,4 п.п. төмөн. «Овернайт» кредити боюнча чен бир мезгилдин акырына карата 1,1 пайызды түзгөн. Улуттук банк отчеттук чейректе коммерциялык банктарга 2,0 пайыз орточо чен менен 630,0 млн. сом жалпы суммасындагы «овернайт» кредиттерин берген.

Октябрь айынан тартып Финансы министрлиги республикалык бюджеттин күндөлүк тартыштыгын каржылоо инструменттерин кеңейтүү жана мөөнөттөрүн узартуу саясатын жүргүзүү алкагында, мамлекеттик казна

облигацияларын эки жылдык жүгүртүү мөнөтү менен жайгаштыра баштаган. Мында, бул баалуу кагаздардын жаңы экендигине, ошондой эле коммерциялык банктардагы ликвиддүүлүктүн кыска мөөнөттүүлүгүнө байланыштуу, инвесторлордун саны анчалык көп болбогон бойдон калган. Ошондой болсо да, суроо-талаптын көлөмү өткөрүлгөн бардык аукциондордогу сунуштун көлөмүнөн дээрлик артуу менен жетишээрлик жогорку деңгээлде калган. Суроо-талаптын айрым бир төмөндөөсү ноябрда өткөрүлгөн экинчи аукциондо гана катталган, бул негизги инвесторлордун биринин жигердүүлүгүнүн басаңдоосуна байланыштуу болгон. Бүтүндөй алганда, төртүнчү чейрек ичинде 974,8 млн. сом суммасындагы МКО жайгаштырылган, алардын орточо алынган кирешелүүлүгү 9,0 пайызды түзгөн.

МКВлардын биринчилик рыногунда республикалык бюджетти каржылоонун жаңы инструментинин жүгүртүүгө чыгарылышына байланыштуу, эмитент, МКВларды жайгаштыруунун көлөмүн бир аз кыскарткан. Ушуну менен бирге эле, аларга карата суроо-талап ноябрь айындагы суроо-талаптын кыскаруусунун жана декабрь айындагы алардын өзгөрүүсүнүн натыйжасында, үчүнчү чейректегиге салыштырганда байкаларлык төмөндөгөн. Бул, мына ушул баалуу кагаздардын кирешелүүлүгүнүн ноябрь жана декабрь айлары ичинде айрым бир өзгөрүүгө дуушар болуусуна алып келген. Чейрек ичинде орточо алганда, рыноктун бардык сегменттеринде МКВлардын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү 3,7 п.п., 5,1 пайызга чейин төмөндөгөн анын ичинде, жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВлардын кирешелүүлүгү 2,6 пайызды түзүү менен 3,9 п.п., 6 айлык МКВлардыкы 3,8 п.п., 4,3 пайызга чейин азайган ал эми жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВлардын орточо алынган кирешелүүлүгү 9,5 пайыздан 5,8 пайызга чейин төмөндөгөн. МКВлардын кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээли 2008-жылдын төртүнчү чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 14,5 п.п. төмөндөгөн, кирешелүүлүктүн азаюусу рыноктун бардык сегменттери боюнча байкалган.

**1.2.4-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**



Банктар аралык кредит рыногундагы жагдай, мурдагыдай эле коммерциялык банктардагы үстөк камдардын деңгээлинин өзгөрүүсү, ошондой эле акча рыногунун башка сегменттериндеги пайыздык чендердин динамикасы менен аныкталган. Демек, ушул төмөндөөнүн, ошондой эле инфляциялык процесстердин басаңдоосунун алкагында банктар аралык кредит рыногунда пайыздык чендердин төмөндөө тенденциясы уланган. Мында, декабрь айында келишилген бүтүмдөрдүн мөөнөттөрүнүн узартылышы ушул мезгил ичиндеги карыздык ресурстардын наркынын айрым бир өсүшүнө алып келген. Бүтүндөй алганда, 2009-жылдын төртүнчү чейреги ичинде кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногундагы жигердүүлүгү басаңдаган. Операциялардын негизги үлүшү репо шарттарында бүтүмдөр сегментинде келишилген, алардын көлөмү 1,6 пайызга, 2,1 млрд. сомго чейин өскөн, ал эми улуттук валютадагы жөнөкөй кредиттик операциялардын көлөмү 63,1 пайызга, 108,7 млн. сомго чейин кыскарган. Кароого алынып жаткан чейрек ичинде репо операциялары боюнча пайыздык чен үчүнчү чейректеги ушул эле чендерге салыштырганда 3,4 пайызды түзүү менен 2,1 п.п. төмөндөгөн, ал эми улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча 3,3 п.п., 1,9 пайызга чейин азайган. 2008-жылдын төртүнчү чейрегиндеги репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендерге салыштырганда бул чен 8,7 п.п. жана улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча да –7,9 п.п. төмөндөгөн.

Ички банктар аралык кредит рыногунда чет өлкө валютасындагы операциялар сегментинде орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,4 п.п төмөндөө менен 3,7 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан чейрек ичинде Улуттук банк репо шарттарында МКВ (ж)ны сатуу боюнча аукциондорду, ошондой эле коммерциялык банктар менен своп-операцияларын жүргүзгөн эмес. Ал эми коммерциялык банктар Улуттук банктагы мөөнөттүү депозит эсептерине каражаттарын жайгаштырышкан эмес.

## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар

**Соода балансы**


Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын сальдосу 2009-жылдын төртүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча 2008-жылдын төртүнчү чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 56,3 пайызга азаюу менен 241,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс түптөлгөн.

Тышкы соода жүгүртүүсүнүн көлөмү[1] 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 18,7 пайызга кыскаруу менен 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 1,3 млрд. АКШ долларын түзгөн.

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

Мындай тенденция, эң башкысы, кароого алынып жаткан мезгилде көлөмү 28,3 пайызга азайган импорттук операциялардын таасиринен улам түптөлгөн, ошол эле учурда экспорт боюнча алгылыктуу тенденция – 0,8 пайыздык өсүш байкалган. КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 13,0 пайызга, ал эми алыскы чет өлкөлөр менен 23,5 пайызга кыскарган.

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлардын экспорту (ФОБ баасында)[1] 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчтөн 4,3 млн. АКШ долларына артуу менен кароого алынып жаткан мезгилде 535,8 млн. АКШ доллар көлөмүндө калыптанган. КМШ өлкөлөрүнө экспорт 15,1 пайызга төмөндөгөн, ал эми алыскы чет өлкөлөргө 12,5 пайызга өскөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде алтындын экспорту нарктык көрсөткүчүндө 27,6 пайызга өсүү менен 245,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Алтынды эске албаганда экспорт 290,3 млн. АКШ доллары деңгээлинде калыптануу менен 14,4 пайызга кыскарган.

Функционалдык түзүмгө ылайык[2] 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде экспорттун эң чоң үлүшү аралык товарларына туура келген, ал экспорттун жалпы көлөмүнүн 58,6 пайызын түзгөн. Ушул категория боюнча экспорттун нарктык көлөмү 280,8 млн. АКШ долларын түзгөн бул, 2008-жылдын төртүнчү чейрегиндеги ушул эле көрсөткүчтөн 18,4 пайызга арткан. Аралык товарлардын товардык түзүмүндө Швейцарияга алтындын экспорту басымдуулук кылган, ал 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 245,5 млн. АКШ долларын түзүү менен 27,6 пайызга өскөн, бул аталган баалуу металлга карата баанын өсүшү менен шартталган. Мында, аларды берүүлөрдүн физикалык көлөмү 16,4 пайызга кыскарган. Отчеттук чейрек ичинде портландцементти жана тапталган айнекти берүүлөр дээрлик 99,0 пайызга кыскарган. Кара жана түстүү металл сыныктарын жана калдыктарын берүүлөрдүн көлөмү нарктык мааниде 1,3 млн. АКШ долларын түзгөн, ал баа-

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

[2] Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуусуз КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

лардын түшүүсүнүн жана экспорттун физикалык көлөмүнүн кыскаруусунун эсебинен 55,6 пайызга төмөндөгөн.

Чийки заттардын экспорту иликтөөгө алынган мезгил ичинде 73,7 млн. АКШ долларын түзүү менен 3,4 пайызга өскөн. Бул категорияда органикалык эмес химиялык заттар негизги товарлардан болушкан, алардын экспорту 55,0 млн. АКШ долларын түзүү менен 22,4 пайызга өскөн мында, алардын экспортунун физикалык көлөмү 2,6 эсеге көбөйгөн. Берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн төмөндөөсүнөн улам, иштетилбеген тамекинин (анын сырьесунун) экспорту 0,5 млн. АКШ долларын түзүү менен 87,8 пайызга кыскарган. Пахтанын экспорту 4,1 пайызга өсүп,13,9 АКШ доллар чегинде катталган.

Керектөө товарларын тышкы рыноктордо сунуштоолор 63,0 млн. АКШ доллары көлөмүндө калыптануу менен 10,7 пайызга кыскарган. Отчеттук чейрек ичинде зер буюмдары экспорттолгон эмес, ал эми 2008-жылдын тиешелүү мезгилинде мындай операциялардын көлөмү 8,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Жемиштердин жана жаңгактардын экспорту 20,3 пайызга же 1,7 млн. АКШ долларына төмөндөгөн, ал эми аларды сунуштоонун физикалык көлөмү 6,8 пайызга өскөн. Маргаринди жана аралаш майды берүүлөр 67,8 пайызга же 2,1 млн. АКШ долларына кыскарган. Кийим-кечелердин же ага тиешелүү буюмдардын (6,0 пайызга же 1,1 млн. АКШ долларына), электр лампаларынын (29,2 пайызга же 1,4 млн. АКШ долларына) жана жашылчалардын (16,6 пайызга же 2,5 млн. АКШ долларына) экспортунун өсүшү байкалган.

Энергопродукцияларынын экспорту 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 50,6 млн. АКШ долларын түзүү менен 40,8 пайызга төмөндөгөн. Бул тенденция мунай заттарынын үчүнчү өлкөгө реэкспортунун 48,2 пайызга же 40,4 млн. АКШ долларына кыскаруусу менен түшүндүрүлөт. Электр энергиясынын экспорту 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 10,2 эсеге же 6,3 млн. АКШ долларына, ал эми аларды берүүлөрдүн физикалык көлөмү 6,9 эсеге өскөн.

2009-жылдын төртүнчү чейрегинде Швейцария (экспорттун жалпы көлөмүндө 51,5 пайыз), Россия (10,7 пайыз), Казакстан (9,4 пайыз), Өзбекстан (7,7 пайыз), АКШ (3,9 пайыз), Түркия (3,6 пайыз), Франция (3,2 пайыз) экспорт боюнча Кыргыз Республикасынын негизги өнөктөш өлкөлөрүнөн болушкан.

Товарлардын ФОБ баасындагы импорту[6] 2008-жылдын төртүнчү чейрегиндеги 1 083,7 млн. АКШ долларына караганда, 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 776,8 млн. АКШ долларын түзгөн. КМШ өлкөлөрүнөн импорт 12,1 пайызга, ал эми алыскы чет өлкөлөрдөн 42,7 пайызга кыскарган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде керектөө товарлары (импорттун жалпы көлөмүндө 31,5 пайыз) импорттун функционалдык түзүмүндөгү эң ири категориядан[7] болгон, анын түшүүсү 265,2 млн. АКШ доллары че-

[1] Кошумча баалоолорду эске алуу менен СИФ импорту 841,5 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы – 305,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

[2] КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

гинде катталган. Мында, бул категория боюнча импорт, азык-түлүктөн башка товарлардын, көбүнчө автомобилдердин (төмөндөө 80,9 пайызга же 127,4 млн. АКШ долларына), кийим-кечелердин же ага тиешелүү буюмдардын (70,2 пайызга же 38,8 млн. АКШ долларына), бут кийимдин (76,0 пайызга же 19,9 млн. АКШ долларына), медикаменттердин (21,9 пайызга же 6,9 млн. АКШ долларына) түшүүлөрүнүн төмөндөөсүнүн эсебинен 39,9 пайызга кыскарган. Азык-түлүктөр, негизинен шоколад азыктары (импорттун 19,9 пайызга же 4,3 млн. АКШ долларына кыскарган), эт жана эт азыктары (48,8 пайызга же 4,8 млн. АКШ долларына көбөйгөн), кант (2,6 эсеге же 3,8 млн. АКШ долларына көбөйгөн), өсүмдүк майы (3,1 пайызга же 0,3 млн. АКШ долларына кыскарган), жемиштер (13,5 пайызга же 1,1 млн. АКШ долларына көбөйгөн) сыяктуу товарлар түрүндө сунушталган.

Энергопродукцияларынын импорту 2009–жылдын төртүнчү чейрегинде 231,3 млн. АКШ долларын түзүү менен 16,2 пайызга төмөндөгөн. Карогого алынып жаткан чейректе чийки мунайдын импорту 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 12,8 млн. АКШ долларына караганда 0,4 млн. АКШ долларын түзгөн. Авиакеросининин жана дизель отунунун импортунун нарктык көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша, 22,3 жана 8,2 пайызга төмөндөөсү катталган, ошол эле учурда отундун мындай түрлөрүн берүүлөрдүн физикалык көлөмү орточо алганда 21,9 пайызга өскөн. Автомобиль бензининин импорту 80,5 млн. АКШ долларын түзүү менен 13,6 пайызга өскөн, мында анын физикалык көлөмү өзгөрүүсүз калган. Жаратылыш газынын импорту нарктык мааниде 60,3 пайызга кыскарып, 11,5 млн. АКШ доллары көлөмүндө катталган, ошол эле учурда, анын импортунун физикалык көлөмү 88,2 пайызга төмөндөгөн. Таш көмүрдүн импорту 6,5 млн. АКШ долларын түзүү менен 32,6 пайызга кыскарган.

Аралык товарлар 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 185,6 млн. АКШ доллар көлөмүндө импорттолуп алынган, бул 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчтөн 15,4 пайызга аз. Ушул категориянын түзүмүндө чоюн менен болот жана алардан жасалган буюмдар (22,2 пайызга же 7,0 млн. АКШ долларына), кездемелер (31,9 пайызга же 6,8 млн. АКШ долларына), автомобиль тетиктери жана ага тиешелүү буюмдар (59,7 пайызга же 7,8 млн. АКШ долларына) сыяктуу негизги товарлардын импорттук түшүүлөрү басаңдаган. Ал эми жер семирткич (8,7 пайызга же 0,6 млн. АКШ долларына), тапталган жыгач (31,5 пайызга же 1,7 млн. АКШ долларына), резина дөңгөлөктөрү (38,6 пайызга же 2,8 млн. АКШ долларына) сыяктуу товарлар боюнча импорттун өсүшү байкалган.

Инвестициялык товарлардын импорту 27,3 пайызга төмөндөп, 116,0 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинде телефон аппараттарынын, жүк ташуучу автомобилдердин жана атайы багытка каралган автомобилдердин, ар кандай жабдуулардын, кол жана машинка инструменттеринин да импорттук түшүүлөрү кыскарган.

Чийки заттардын категориясы боюнча импорт 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде 43,4 млн. АКШ долларын түзүү менен 44,5 пайызга төмөндө-

гөн. Бул категорияда буудай эң ири товар болуп саналган, анын түшүүсү 65,3 пайызга же 28,7 млн. АКШ долларына кыскарган.

Отчеттук чейрек ичинде Россия (импорттун жалпы көлөмүндө 38,1 пайыз), Кытай (19,1 пайыз), Казакстан (9,5 пайыз), Өзбекстан (3,3 пайыз) импорттук продукцияларды эң ири берүүчүлөрдөн болуп саналышкан.


## 1.4. Валюта курсу

2009-жылдын төртүнчү чейрегинде валюта рыногунда улуттук валютанын курсунун ар тараптуу өзгөрүүсү катталган, бул ички рынокто АКШ долларына сунуштун жана ага карата суроо талаптын өзгөрүүсү, ошондой эле тышкы рыноктогу анын динамикасы менен аныкталган. Мында, терс соода балансы сакталып турган шартта, чет өлкө валютасына карата суроо-талап жогору бойдон калган, натыйжада ички рынокто АКШ долларын бекемдөө тенденциясы үстөмдүк кылган. Улуттук валютанын туруктуулугун колдоо максатында Улуттук банк, банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларын сатуу жана сатып алуу боюнча операцияларды ишке ашырган. Төртүнчү чейрек ичинде Улуттук банктын АКШ долларын сатуу боюнча операцияларынын көлөмү 20,8 млн. АКШ долларын түзүү менен 9,5 пайызга көбөйгөн, ал эми АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү 9,8 млн. АКШ долларын түзгөн, бул үчүнчү чейрек ичиндеги тиешелүү көрсөткүчтөн 74,5 пайызга төмөн.

Чейрек ичинде валюта тооруктарындагы АКШ долларынын орточо салмактанып алынган курсу 1,2 пайызга өскөн жана декабрь айынын акырына карата 44,0742 сом/АКШ доллар чегинде катталган. Алмашуу бюролорунда долларды сатуу курсу 44,2341 сом/АКШ долларын түзүү менен 1,7 пайызга көбөйгөн.

АКШ долларынын эсептик курсу чейрек башында 1,1 пайызга жогорулоо менен жылдын акырында 44,0917 сом/АКШ долларын, ал эми анын жылдык өсүшү 11,9 пайызды түзгөн (2008-жылдын төртүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча доллардын эсептик курсу чейрек ичинде 7,5 пайызга көбөйүү менен 39,4181 сом/АКШ долларын түзгөн эле).

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүш арымы**



Евро курсунун динамикасы, мурдагыдай эле, анын тышкы рыноктордогу курсунун динамикасынын таасири менен калыптанган. Октябрь –ноябрь айлары ичинде алмашуу бюролорунда евро курсу негизинен жогорулаган, бирок, декабрь айында анын байкаларлык төмөндөшү катталап, ал евро курсун болжол менен алганда чейрек башындагы анын курсунун деңгээлине кайтып келишине түрткү берген. Бүтүндөй алганда, төртүнчү чейрек ичинде евронун сатуу курсу декабрь айынын акырында 63,9915 сом/еврону түзүү менен бир аз өскөн (0,02 пайызга). Мезгилдин акырына карата эсептик курс 0,8 пайызга төмөндөө менен 63,5229 сом/еврону түзгөн.

# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасына анализдөөлөр[1]

2009-жылдын төртүнчү чейрегинде республикада баалардын жалпы деңгээлинин өсүшү 1,7 пайызды (2008-жылдын төртүнчү чейрегинде өсүш 3,8 пайыз) түзгөн. Анын ичинде тамак-аш азыктарына керектөө бааларынын индекси 1,9 пайызга, алкоголдук суусундуктарга жана тамекиге 0,8 пайызга, азык-түлүктөн башка товарларга 2,2 пайызга, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө 0,3 пайызга өскөн.

Инфляциянын жылдык мааниси (2009-жылдын декабры 2008-жылдын декабрына карата) 0,0 пайызды түзгөн, ал эми 2008- жылдын ушул эле мезгилинде 20,0 пайыз чегинде катталган эле.

Дүйнөлүк рыноктордо азык-түлүк товарларына жана энергия продукцияларына баалардын олуттуу таасиринин орун албашы, ички жана тышкы суроо талаптын басаңдашы, ошондой эле Улуттук банк менен Өкмөт тарабынан көрүлгөн инфляцияга каршы чаралар экономикада инфляциялык процесстердин басаңдоосуна себеп болгон.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин динамикасы жана жылдык эсептөөдө аларды түзүүчүлөр**





Керектөө чыгашаларынын жогорку үлүштө экендигинен (50 пайыз) улам, азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин калыптанышы шартында мурдагыдай эле, аныктоочу фактордон болгон. Азык-түлүк товарлары жана алкоголсуз суусундуктар жылдык өлчөөдө 7,4 пайызга арзандаган. Ал эми товарлардын башка топтору боюнча баалардын өсүшү катталган. Азык-түлүктөн башка товарларынын (10,4 пайыз) жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн (4,4 пайыз) эң жогору кыммбаттоосу белгиленген; алкоголдук суусундуктарга жана тамекиге баалардын өсүшү 5,2 пайызды түзгөн.

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча.

### 2.1.1. Азык-түлүк товарларына карата баа динамикасы


Азык-түлүк товарларына баа тышкы сыяктуу эле, ички факторлордун олуттуу таасирине дуушар болгон. Ошондуктан, дүйнөлүк рыноктордогу төмөндөө тенденциясы ички баа жагдайына да таасирин тийгизген. Азык-түлүк товарлары 2009-жылы 7,4 пайызга (баалардын өсүшү 2008-жылы 20,9 пайызды түзгөн) арзандаган. Азык-түлүк товарларына баанын төмөндөөсүнө нан азыктарынын жана талкандын (-15,4 пайыз), майдын жана тоң майлардын (-14,0 пайыз), ошондой эле жашылча-жемиш продукцияларынын (-17,4 пайыз) арзандашы таасирин тийгизген.

**2.1.2-сүрөт. Азык-түлүк товарларга баалардын жылдык динамикасы**




2009-жылы Кыргызстанда дан эгиндеринен мол түшүм жыйналган, бул мурдатан топтолгон запастар менен чогуу азык-түлүк товарларына карата баанын жалпы динамикасына алгылыктуу таасирин тийгизген. Айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн баасы товарлардын дээрлик бардык түрлөрү боюнча төмөндөгөн. Алсак, өндүрүүчүлөрдүн буудайга баасы жылдык мааниде 39,2 пайызга, жашылчага 29,5 пайызга, картошкага 20,8 пайызга, жумурткага 12,7 пайызга төмөндөгөн. Бирок, эттин кымбаттоосу (+ 3,9 пайыз) сакталып калган.

**2.1.3-сүрөт. Айыл-чарба продукцияларынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индексинин жылдык динамикасы**



Керектөө рыногунда ун азыктарына да баанын төмөндөөсү байкалган. Алсак, нанга, нан азыктарына жана талканга баа индекси жылдык өлчөөдө 15,4 пайызга (2008-жыл ичинде 18,2 пайызга өскөн) төмөндөгөн, анын ичинде нан 12,1 пайызга арзандаган. Биринчи жана жогорку сорттогу ун, тиешелүүлүгүнө жараша 29,2 жана 24,4 пайызга тез арымда арзандаган.

Төртүнчү чейрек ичинде жашылча-жемиш продукцияларына ушул мезгилге мүнөздүү болгон баанын олуттуу жогорулоосу байкалган (+11,6 пайыз), анын ичинде, мөмө-жемиштер 12,0 пайызга, жашылчалар 11,3 пайызга кымбаттаган. Ошондой болсо да, жылдык мааниде жемишке карата баа 9,7 пайызга, ал эми жашылчага 23,9 пайызга төмөндөгөн.

Бүтүндөй 2009-жыл ичинде, кантка дүйнөлүк баа тез арымда өскөн, мында декабрь айында 2006 –жылдан берки эң жогорку чек катталган. Бүтүндөй алганда, жыл ичинде кантка дүйнөлүк баа 2,2 эсеге өскөн, ал ички рынокко да таасирин тийгизген: республика боюнча жыл башынан тартып бул продуктуга баанын өсүшү 26,1 пайызды түзгөн. Канттын наркынын кымбаттоосуна бул продукцияга дүйнөлүк сыяктуу эле, ички тартыштыктын орун алып турушу да басым жасаган. Учурда, Кыргыз Республикасынын калкынын кантка болгон керектөөсү жылына 116 миң тоннаны түзөт. Мында, 2009-жылдын 1-декабрына карата абал боюнча аталган продукт менен камсыз кылуу 74 пайызды, анын ичинде менчик өндүрүштүн эсебинен 3,7 пайызды түзгөн. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, 2009-жылы 5,6 миң тонна кант өндүрүлгөн, бул 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 5,1 миң тоннага төмөн. Ал эми 2010-жылы 35-36 миң тонна кант өндүрүү пландаштырылууда. Алынып келинген кантка баа 2009-жылдын апрель айынан декабрь айына чейинки мезгил ичинде 505ден 633 АКШ долларына чейин (+128 АКШ доллары же 25 пайыз) көбөйгөн.

Эт азыктарынын ички рыногунда акыркы 12 ай ичинде мал чарба продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүү көлөмүнүн өсүшү катталган, анын ичинде союушка каралган малдын жана канаттуулардын тирүүлөй салмактагы көлөмүнүн өсүшү 1,5 пайызды түзгөн, бул эт азыктарына баанын өсүшүн (2008-жылдагы +11,9 пайызга караганда 2009-жылы +2,7 пайыз) токтотуп турууучу фактор болуп калган.


Майлардын жана тоң майлардын 2008-жылдагы кескин кымбаттоосунан кийин товарлардын ушул тобуна баа дээрлик 2009-жыл ичинде төмөндөгөн. 2009-жылдын акырына карата абал боюнча, көбүнчө импорттолуучу продукциянын наркынын төмөндөөсүнүн натыйжасында, рынокто майдын жана тоң майлардын (-14,0 пайызга) олуттуу арзандоосу катталган.

Жылдын төртүнчү чейрегинде сезондук факторлордон улам сүт азыктарына керектөө бааларынын 5,2 пайызга жогорулоосу байкалган, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгили ичинде товарлардын бул тобу 9,3 пайызга кымбаттаган. Жылдык мааниде алганда сүт азыктары 3,9 пайызга арзандаган.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын индексинин өсүшү 2009-жылы кыйла басаңдаган болсо да, 10,4 пайызды түзүү менен (2008-жыл ичинде 16,0 пайыз) жогору бойдон сакталып калган. Алсак, кийим-кечелерге жана бут кийимге баа, негизинен кийимдик материалдардын 48,0 пайызга кымбаттоосунун эсебинен 8,5 пайызга жогорулаган. Ошондой эле, тиричилик буюмдарына жана тиричилик техникаларына баанын өсүшү катталган, ал 9,6 пайызды түзгөн. Мына ушундай динамиканын түптөлүшүнүн негизги себебинен болуп, аларга карата баа импорттук баанын кысымы астында турган тиричилик-текстиль буюмдарынын 41,0 пайызга кымбаттоосу саналган.

**2.1.4-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**




Мунайга дүйнөлүк баанын төмөндөөгө ык койгон трендинин жогорулоо жагына алмашуусу республикага импорттолуучу КММнын наркына басым жасаган. 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде башталган КММга баанын өсүшүнүн тездеши төртүнчү чейректе да сакталып калган. Алсак, бензинге баа 4,2 пайызга, ал эми дизель отунуна 9,9 пайызга өскөн. Жылдык мааниде алганда ички рынокто КММнын наркы (2009-жылдын декабры 2008-жылдын декабрына карата) 14,7 пайызга көбөйгөн, анын ичинде бензин 23,0 пайызга кымбаттаган, ал эми дизель отуну 13,5 пайызга арзандаган.

### 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы


Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси 2009-жылы жылдык мааниде 4,4 пайызга (2008-жылы 34,4 пайызга) өскөн. Бул топто баалардын индексинин өсүшү, эң башкысы, ресторандардын жана мейманканалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн кымбаттоосунун (+9,3 пайыз) эсебинен жүргөн. Коомдук тамактануу жайларынын кызмат көрсөтүүлөрүнө баа деңгээли, азык-түлүк товарларынын наркынын төмөндөөсүнө карабастан[1],

[1] КР УСКнын маалыматтары боюнча 2008-жылы ресторандардын жана мейманканалардын чыгашаларынын жалпы түзүмүндө «чийки зат жана материалдар, сатылып алынуучу жана комплектенүүчү заттар, чала фабрикаттар» категориясы боюнча чыгашалар 14,3 пайызды түзгөн.

жогору бойдон калган, бул эң оболу өткөн жылдардагы баанын жалпы деңгээлинин жогорулоосунун кайталап таасир этүүсүнүн сакталып калгандыгын көрсөтүп турат.

Баалардын өсүшү турак-жай кызмат көрсөтүүлөрүндө да байкалган, ал жыл ичинде 11,0 пайызга кымбаттаган. Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жылдык мааниде алганда 1,3 пайызга көбөйгөн. Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын өсүшү өз кезегинде 1,8 пайызды, саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрү – 10,7 пайызды түзгөн болсо, байланыш кызмат көрсөтүүлөрү 7,2 пайызга арзандаган.

**2.1.5-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын жылдык динамикасы**





## 2.1.4. Керектөө бааларынын региондор боюнча динамикасы

2009-жылдын жыйынтыгы боюнча Баткен областын эске албаганда, республиканын дээрлик бардык областтарында дефляция байкалган. Жылдык мааниде баалардын эң чоң төмөндөөсү Жалал-Абад жана Ысык-Көл областтарында тиешелүүлүгүнө жараша, 2,2 жана 2,6 пайыз чегинде катталган. Азык-түлүк товарларынын арзандашы жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын алгылыктуу өсүшү бул областтарда баалардын жалпы деңгээлинин төмөндөөсүнүн негизги факторунан болгон. Башка областтарда дефляция 2 пайыздан ашкан эмес. Алсак, Нарын, Ош, Талас жана Чүй областтарында керектөө баалары, тиешелүүлүгүнө жараша 0,8 пайызга, 1,9 пайызга, 0,6 пайызга жана 1,1 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын борборунда баалардын 0,5 пайызга өсүшү белгиленген мында, тамак-аш азыктары 7,7 пайызга арзандаган, ал эми алкоголдук суусундуктар, азык-түлүктөн башка товарлар жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр, тиешелүүлүгүнө жараша 3,6 пайызга, 12,0 пайызга жана 6,4 пайызга кымбаттаган.

**2.1.6-сүрөт. КБИнин региондордогу жылдык динамикасы**





## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баалардын кыска мөөнөткө, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүнө жол бербей турган инфляциянын тренди катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдө товарларга начар түшүм, КММ рыногуна баа таасири, газга жана электрэнергиясына тарифтердин административдик өзгөртүлүшү ж.б. сыяктуу сезондук же тышкы факторлор менен шартталган баанын өсүшү эске алынбайт.

Төмөндө базалык инфляциянын жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептелинген динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма, аларга карата баа таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй топторун, керектөө бааларынын индексинен алып салууну түшүндүрөт. Мындай товарларга мурдатан бери эле, айрым азык-түлүк товарлары, энергияпродукциялары жана Өкмөт тарабынан белгиленген тарифтер кирет.

2009-жылдагы базалык инфляциянын динамикасы, республикада азык-түлүк товарларына, атап айтканда, нан азыктарына жана талканга, майга жана тоң майларга, жашылча-жемиштерге баалар инфляциянын негизги фактору экендиги жагдайын тастыктайт. Алсак, мисалы, базалык инфляция -1, базалык инфляция-3 жана базалык инфляция-4 эсептик көрсөткүчтөрү 2009-жылы керектөө бааларынын жалпы индекси 0,0 пайызды түзгөн шартта, 7,0 пайыз орточо мааниге жеткен.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция-1 – мында, товарлардын төмөнкү түрлөрү эске алынбайт: 1) нан азыктары жана талкандар 2) май жана тоң майлар 3) жашылча-жемиштер; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

базалык инфляция-2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү эске алынбайт: 1) эт 2) жашылча-жемиштер 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

базалык инфляция-3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү эске алынбайт: 1) нан азыктары жана талкан 2) сүт азыктары 3) жашылча-жемиштер 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

базалык инфляция-4 – азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен эске алынбайт.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты маселелери боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын акча-кредит саясат маселелери боюнча 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде кабыл алынган негизги чечимдеринин тизмеги келтирилген:

1. Учурда түптөлгөн жагдайга баа берүү үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын 18-ноябрында жылдын январь-сентябрь айлары үчүн акча-кредиттик саясат боюнча отчет кароого алынган жана жактырылган (№46/3 токтом). Документ кыскартылган түрүндө маалымат иретинде Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү, инвестициялар жана инновациялар боюнча борбордук агенттигине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Экономикалык жөнгө салуу министрлигине жөнөтүлгөн ошондой эле, ал Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган.
2. Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын 16-декабрында:
   - келээрки мезгилде тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү максатында, экономиканы өнүктүрүүнүн келечектеги сценарийин камтыган, Келээрки мезгилге карата акча-кредиттик программа документи кароого алынып, жактарылыган (№49/4 токтом);
   - жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик жөнгө салуу жагында структуралык реформалардан улам белгисиздик жагдайынын өрчүп жатышына байланыштуу, акча-кредит саясатынын негизги багыттарын аныктоо чеги үч жылдан бир жылга чейин кыскартылган. Алсак, дүйнөлүк финансылык жана товардык рыноктордогу тенденцияларды, акча-кредит саясатын жүргүзүү шарттарын, Кыргыз Республикасынын экономикасынын масштабдарынын чакандыгын жана кыйла ачык-айкындулугунун эске алуу менен иштелип чыккан «Акча-кредит саясатынын 2010-жылга негизги багыттары» документи жактырылган. Документ кыскартылган түрүндө маалымат катары Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү, инвестициялар жана инновациялар боюнча борбордук агенттигине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине, Кыргыз Республикасынын Өкмөттүнүн Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Экономикалык жөнгө салуу министрлигине жөнөтүлүп, Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган (№49/6 токтом);
   - «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2010-жылга карата финансылык

жана социалдык-экономикалык саясат жөнүндө биргелешкен билдирүүсүн» иштеп чыгуу үчүн кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2010-жылга Акча-кредит саясат жөнүндө билдирүүсү кароого алынган.

3. Акча-кредиттик жана финансылык статистиканы түзүү боюнча эл аралык стандарттардын талаптарын эске алуу менен акча-кредиттик көрсөткүчтөрдү түзүү ыкмасын өркүндөтүүнүн алкагында, 2009-жылдын 28-декабрында Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын аналитикалык баланстык отчету жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы жактырылган ( №51/1 токтом).
4. Ошондой эле, «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын ишинин натыйжалуулугун арттыруу максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 43-статьясына жана жогоруда аталган фонддун Уставынын 5-статьясына ылайык, тиешелүү токтомдор кабыл алынган.

## 3.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери.

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары-Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана ал акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүү натыйжаларына негизделет. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын көлөмү 2009-жылдын төртүнчү чейрегинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган жана Улуттук банктын 2009-жылга карата акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө, «Акча-кредит саясатынын 2009-2010-жылдарга негизги багыттары» деген документинде жана кийинки мезгилге акча-кредиттик программада максаттарга жана милдеттерге жараша, банк тутумунун абалын жана салык-бюджеттик чөйрөсүндө түптөлгөн жагдайды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталат.

2009-жылдын төртүнчү чейрегинде Комитетин 13 отуруму өткөрүлгөн. Комитеттин чечимдери Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28 күндүк ноталарынын жума сайын аукциондорун өткөрүү аркылуу банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салууга багытталган, мында аларды сатуунун индикативдүү көлөмү 5,5 млрд. сом өлчөмүндө белгиленген.

Улуттук банктын ноталарын сатуунун айкын көлөмү төртүнчү чейректе 5,2 млрд. сомду түзгөн. Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусу[1] кароого алынып жаткан чейрек ичинде 486,4 млн. сом эквивалентин түзгөн.

[1] Улуттук банк Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсунун саясатына таянат.

Мындан тышкары, Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 8-сентябрындагы №37/1 токтомуна ылайык, «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын кредиттөөсү максаттары үчүн Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан айына бир жолу базалык чен аныкталат жана белгиленет. Жогоруда аталган фонддун кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чендин өлчөмү кредиттөөнүн тармагына жараша оңдоо коэфициенти менен базалык ченге теңдештирилет. Алсак, 2009-жылдын төртүнчү чейреги ичинде базалык чен 8,0 пайыз деңгээлинде сакталып турган. 2009-жылдын 28-декабрында Комитеттин чечими менен базалык чен Фонддун 2010-жылдын январь айында кредиттөө максаттары үчүн 8,0 пайыз деңгээлинде өзгөрүүсүз калтырылган.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор

2009-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДПнын өсүшү 2008-жылдагы 8,4 пайызга караганда, реалдуу алганда 2,3 пайызды түзгөн. Экономикалык өнүгүүнүн арымынын басаңдоосу аймактагы алгылыксыз экономикалык конъюнктура менен шартталган.

2010-жылы кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсү, айыл чарба жана өнөр жайы экономиканы өнүктүрүүнүн пайдубалын түптөгөн тармактардан болот, алардын үлүшүнө бардык товарларды жана кызмат көрөстүүлөрдү өндүрүүнүн олуттуу бөлүгү туура келет.

Аймакта экономикалык жигердүүлүктү калыбына келтирүүнүн шартында, өнөр жай өндүрүшүнүн өсүш арымы 2010-жылда оң түптөлөт, ошондой болсо да 2010-жылы өсүштүн кризиске чейинки арымын калыбына келтирүү арсар.

Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн көбөйүүсү 2008-жылдагы жогорку базаны жана 2009-жылдын акырындагы тармактардагы алгылыксыз баа таасирин эске алуу менен 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча 2,5-3,0 пайыздык чекте күтүлөт.

2010-жылы республикада жана соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдө керектөө суроо-талабынын калыбына келишинен улам, кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө кыйла ыргактуу өнүгүүсү күтүлөт.

Бүтүндөй алганда, 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча түптөлгөн жагдайды эске алуу менен 2010-жылы өлкөнүн экономикасынын негизги тармактарынын ыргактуу өнүгүүсүн күтүүгө болот, бул экономиканын реалдуу өсүш арымын 5,0 пайыз деңгээлде камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

***Буудай.*** АКШнын Айыл-чарба министрлигинин (АЧМ) январь айындагы берген болжолуна ылайык, буудайды дүйнөлүк өндүрүү көбүнчө, Россия боюнча өндүрүүнүн болжолунун 2,2 млн. тоннага көбөйүүсүнүн эсебинен 2009/10 маркетинг жылдары (м/ж) 676,1 млн. тоннаны түзөт. Буудайды керектөө болжолу 644,5 млн. тоннага чейин төмөндөө жагына өзгөргөн. Ошентип, буудайдын түпкү запасы 2009/10 маркетинг жылдары дүйнөдө 195,6 млн. тоннаны түзгөт. «Рейтер» МАнын жүргүзгөн иликтөөлөрү боюнча буудайды өндүрүү чөйрөсүндөгү түптөлгөн жагдай 2010-жылдын акырына карата анын наркынын 2,8 пайызга, бушель үчүн 5,27 АКШ долларына чейин төмөндөөсүнө алып келет.

Россияда 2009-жылы дан эгиндерин жана дандуу буурчактарды дүңүнөн жыйноо (иштетилгенден кийинки салмакта) 97,0 млн. тоннаны түзгөн, бул 2008-жылдагыга караганда 10,3 пайызга аз. Анын ичинде, буудайды дүңүнөн жыйноо 2008-жылдагы 63,7 млн. тоннага караганда 61,7 млн. тоннаны түзгөн. Расмий адамдардын билдирүүсү боюнча, Россия эл

аралык дан эгиндер рыногунда олуттуу экспорттук мүмкүнчүлүккө ээ жана ал жылына 25 ден 30 млн. тоннага чейинки буудайды экспорттой алат. Россиянын ички рыногунда 3-класстагы буудайга карата орточо баа 2010-жылдын 21-январына карата 113 АКШ долларын түзгөн, бул тоннасына 11 АКШ долларын түзөт же декабрдагы котировкалардан 10 пайызга төмөн. Баа, рыноктук баалардын жана суроо-талаптын төмөн болушу астында басаңдайт. Казакстан Айыл-чарба министрлигинин билдирүүсү боюнча 2009-жылы республикада дан эгиндери жана дандуу буурчактарды жыйноо (иштетилгенден кийинки салмакта) 20,8 млн. тоннаны, анын ичинен 82 пайызды буудай (17,1 млн. тонна) түзгөн. 2010-жылдын 1-январына карата абал боюнча буудай 16,4 млн. тонна чегинде катталган.

***Күрүч.*** Кытай Улуттук статистика бюросунун акыркы баа берүүлөрүнө ылайык, 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча эрте жыйналган күрүчтү дүңүнөн жыйноо 33,3 млн. тоннага жеткен, бул өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,3 пайызга жогору.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин берген маалыматтары боюнча, 2009-жылы 20,7 миң тонна күрүч өстүрүлгөн, бул 2008- жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 3,0 миң тоннага жогору. Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылы Кыргызстанга 63,0 миң тонна күрүч импорттолгон, анын 59,0 миң тоннасы тоннасына 339,0 АКШ доллар орточо баасында Кытайдан алынып келинген (Кытайдан импорттолгон күрүчтүн орточо баасы 2008-жылы тоннасына 274,6 АКШ долларды түзгөн).

***Күн карама майы.*** АКШнын Айыл-чарба министрлигинин маалыматтары боюнча 2009/10 маркетинг жылдары күн карама майын өндүрүү 11,3 млн. тоннаны, керектөө – 11,2 млн. тоннаны түзгөн. Өтмө калдыктар 0,1 млн. тоннага көбөйүү менен 0,8 млн. тоннаны түзөт.

***Кант.*** Бириккен Улутутар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл-чарба уюмунун январь айындагы отчетуна ылайык, дүйнө боюнча кант өндүрүү аба-ырайынын кыйла алгылыктуу болушунан улам калыбына келет. Болжолдоолорго ылайык, 2009-2010 –айыл-чарба жылдарында дүйнө жүзү боюнча 2008- жылдагы 154,7 млн. тоннага салыштырганда 159,7 млн. тонна кант өндүрүлөт. Ошондой болсо да, бул айыл-чарба жылдары кант өндүрүү барыдан мурда, катары менен экинчи жылдын жыйынтыгы боюнча керектөөдөн төмөн калган, бул дүйнөлүк запастардын кыскаруусуна алып келет. Канттын тартыштыгы 3 млн. тонна деңгээлинде бааланат.

Канттын наркы Лондон биржасында жогорку трендде сакталып калган: 2010-жылдын 26-январына карата абал боюнча анын баасы тоннасына 744 АКШ долларын түзгөн, бул 2010-жылдын башындагыга караганда 3,1 пайызга жогору. Ошондой болсо да, «Рейтер» маалымат агенттигинин берген болжолдоолоруна ылайык, канттын баасы 2010-жылдын акырына карата тоннасына 640 АКШ долларга чейин төмөндөйт.

***Мунай.*** Акыркы мезгилде байкалган мунай фьючерсине карата баалардын төмөндөөсү АКШдагы алгылыксыз макроэкономикалык статистиканын таасиринен улам уланууда, ал күтүлүп жаткандан да кыйла олуттуу түрдө жумушсуздуктун өсүшүн жана 2009-жылдын декабрь айындагы чекене сатуунун төмөндөөсү тууралуу маалыматтарды тастыктап турат, мына ушулар чогуусу менен АКШ экономикасын күтүлүп жаткан калыбына келтирүүнү кыйла кийинки мөөнөткө калтырган. Ошондой болсо да, рынок 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгынын башында аныкталган баа коридорунун чегинде турууда. Бир катар аналитиктердин пикири боюнча, 2010-жылдын биринчи чейрегинде мунай котировкалары баррель үчүн 70-85 АКШ доллар чегинде өзгөрүп турат. Котировкаларды ушул деңгээлде кармап туруу сырьелук активдерге инвестициялык суроо-талап сыяктуу эле, фундаменталдык себептерге атап айтканда Кытай тарабынан суроо-талап колдоо көрсөтөт, бул мамлекет 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча мунайдын импортун 14,0 пайызга көбөйткөн болсо, 2010-жылдын жыйынтыктары боюнча бул көрсөткүчтүн дагы 10-13 пайызга өсүшү күтүлүүдө.

*Булагы: Reuters*

## 4.2. 2010-жылга жана 2010-жылдын 1-чейрегине инфляциялык болжолдоолор

Дүйнөлүк экономиканын калыбына келтирүүнүн анчалык айкын болбогон келечек багыты жана соода жагынан негизги өнөктөш өлкөлөрдүн экономикасында орун алып турган макроэкономикалык дисбаланс республиканын макроэкономикалык параметрлерине кыска жана орто мөөнөттүк болжолдоолордо аныксыздыкты таңуулоодо.

Бүтүндөй алганда, 2010-жылдагы экономикалык жагдай дүйнөдө сыяктуу эле, аймактардагы ишкердик жигердүүлүктүн бара-бар калыбына келе тургандын болжолдоодо. Дүйнөлүк экономиканын турукташуусунан улам азык-түлүк жана энергопродукциялары рыногунда баа тенденциясынын жогорулоого ык коюусу күтүлөт, мисалы, дан эгиндеринин жана энергиялпродукциялардын, канттын жана башка өндүрүлүүчү товарлардын кымбаттоосу ыктымал.

2010-жылда инфляциянын динамикасын калыптандыруучу негизги фактору болуп, электр энергиясына, ысык сууга жана жылытууга тарифтердин жогорулоосу саналат. Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн наркынын өсүшү өз кезегинде, калктын калган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө чыгашаларын төмөндөө жагына бөлүштүрүлүшүн шарттайт, бул, өлкөдө инфляциянын жалпы деңгээлине токтотуп туруучу таасирин тийгизет.


Ал эми инфляцияга жана акча-кредит саясатына олуттуу таасирин тийгизе турган башка маанилүү фактор болуп, бюджет-салык саясатынын ча-

ралары саналат. 2009-2010-жылдарда салык түшүүлөрүнүн өсүшүнүн басаңдашы, бир эле учурда мамлекеттик чыгашалардын көбөйүүсү байкалат, бул бюджеттик тартыштыктын өсүшүнө жана аны каржылоого керектөө муктаждыгына алып келет. Ошентип, орто мөөнөткө каралган бюджет-салык саясатындагы белгисиздик жагдайы, инфляциянын болжолдонгон деңгээли үчүн да белгилүү бир тобокелдикти камтыйт.

Мындан тышкары, кыска мөөнөттүү мезгил ичинде (бир жылга чейинки) «базалык таасирлер» деп аталган аракеттердин натыйжасында, инфляциянын маанилеринин айрым бир өзгөрүүсү күтүлөт. Атап айтканда, 2009-жыл ичиндеги инфляциянын кумулятивдик мааниси рекорддук төмөн деңгээлде болгон, натыйжада башка бирдей шарттарда базанын төмөндүгүнөн улам 2010-жылдын биринчи жарымында инфляциянын айрым бир өсүшүн күтүүгө болот.


Бүтүндөй алганда, жогоруда белгиленген бардык факторлорду эске алуу менен 2010-жылга инфляция деңгээлинин болжолу 7,5-9,5 пайыз чегинде аныкталган.

**4.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисинин болжолу**




2010-жылдын биринчи чейрегинде айрыкча, 2010-жылдын 1-январынан тартып электр жана жылуулук энергиясына тарифтердин өсүшүнөн улам керектөө бааларынын индексинин жогорулоосу күтүлүүдө. Мындан тышкары, инфляциянын өсүшкө ык койгон динамикасы, айрыкча, мөмө-жемиш жана эт, сүт азыктары боюнча сезондук факторлордун таасиринен улам калыптанат. Керектөө бааларына кошумча басым кантка баанын өсүшүнүн уланышынан улам күтүлүшү ыктымал. Жыйынтыгында, 2010-жылдын биринчи чейрегинде баанын өсүшү 4,6 пайыз деңгээлинде болжолдонууда.

**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын 2010-жылдын биринчи чейрегине карата болжолу**




Бүтүндөй алганда, экономикада баа динамикасынын башка көрсөткүчү, ИДП дефлятору, 2010-жылга 11,5 пайыз деңгээлинде прогноздолууда.

# Статистикалык тиркеме

**1-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2009-жыл | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **январь** | **февраль** | **март** | **апрель** | **май** | **июнь** |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси** | **100,5** | **100,3** | **99,6** | **100,4** | **100,3** | **99,5** |
| **Товарлар** | 100,3 | 100,3 | 99,5 | 100,4 | 100,3 | 99,4 |
| **Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар** | 100,2 | 98,6 | 99,0 | 100,3 | 100,4 | 98,0 |
| **Алкоголдук суусундуктар, тамеки заттары** | 100,2 | 100,1 | 100,6 | 100,8 | 100,3 | 101,6 |
| **Азык-түлүктөн башка товарлар** | 100,4 | 103,9 | 100,0 | 100,4 | 100,2 | 101,1 |
| **Азык-түлүктөн башка товарлар** | 102,4 | 99,8 | 100,5 | 100,1 | 100,4 | 100,3 |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,2 | 98,6 | 99,0 | 100,3 | 100,4 | 98,0 |
| Нан азыктары жана талкан | 97,2 | 96,8 | 98,4 | 98,8 | 100,0 | 100,2 |
| Жогорку сорттогу буудай уну | 96,5 | 94,4 | 97,4 | 94,3 | 94,5 | 101,4 |
| Биринчи сорттогу буудай уну | 94,7 | 93,5 | 97,5 | 95,6 | 95,3 | 99,8 |
| Нан | 97,5 | 99,2 | 99,2 | 97,7 | 99,2 | 99,9 |
| Эт | 102,9 | 101,2 | 100,0 | 98,9 | 100,4 | 100,4 |
| Балык | 100,7 | 100,6 | 100,8 | 100,5 | 100,3 | 99,3 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,4 | 99,2 | 96,3 | 97,4 | 99,0 | 98,4 |
| Май жана тоң майлар | 96,4 | 96,9 | 98,7 | 97,7 | 96,8 | 98,6 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 105,0 | 98,9 | 99,1 | 106,3 | 100,8 | 88,8 |
| Жемиштер | 104,2 | 100,5 | 99,8 | 102,0 | 103,9 | 93,6 |
| Жашылчалар | 105,5 | 97,7 | 98,6 | 109,8 | 98,5 | 85,1 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 99,0 | 98,9 | 99,6 | 100,2 | 103,6 | 101,5 |
| Кант | 97,8 | 98,6 | 99,3 | 99,6 | 106,5 | 102,8 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,5 | 99,7 | 99,6 | 99,7 | 100,0 | 99,9 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 100,9 | 100,5 | 100,8 | 101,7 | 100,2 | 100,8 |
| Алкоголдук суусундуктар жана тамеки | 100,2 | 100,1 | 100,6 | 100,8 | 100,3 | 101,6 |
| Алкоголдук суусундуктар | 100,3 | 100,2 | 100,8 | 100,9 | 100,4 | 102,3 |
| Тамеки заттары | 100,0 | 100,1 | 100,1 | 100,7 | 100,0 | 100,0 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 100,2 | 100,5 | 100,1 | 100,5 | 100,5 | 101,4 |
| кийим-кече | 100,3 | 100,7 | 100,6 | 100,9 | 100,4 | 101,4 |
| кийимдик материалдар | 100,0 | 103,0 | 114,7 | 115,2 | 100,1 | 107,5 |
| эр адамдар үчүн кийим | 100,3 | 100,7 | 100,3 | 100,5 | 100,4 | 101,5 |
| аялдар үчүн кийим | 100,5 | 100,6 | 100,3 | 100,4 | 100,5 | 101,0 |
| балдар жана ымыркайлар үчүн кийим | 100,1 | 100,5 | 99,8 | 99,9 | 100,2 | 101,0 |
| кийимди тазалоо, оңдоо жана прокатка берүү | 100,9 | 100,4 | 100,2 | 101,8 | 100,9 | 101,8 |
| ремонтун кошо алганда, бут кийим | 100,1 | 100,1 | 99,2 | 99,8 | 100,8 | 101,5 |
| эр адамдар үчүн бут кийим | 100,1 | 100,0 | 98,5 | 98,8 | 101,7 | 101,4 |
| аялдар үчүн бут кийим | 100,0 | 100,0 | 99,5 | 101,2 | 100,6 | 101,2 |
| балдар үчүн бут кийим | 100,0 | 100,0 | 99,4 | 99,2 | 100,1 | 101,9 |
| бут кийимди оңдоо | 100,6 | 104,2 | 101,5 | 102,9 | 100,0 | 100,9 |
| Турак жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу электрэнергиясы, газ жана башка отундар | 100,5 | 109,9 | 99,2 | 99,5 | 99,7 | 101,0 |
| турак жай үчүн ижара төлөмү | 100,3 | 100,3 | 100,7 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| турак-жайларды күтүү жана ремонттоо үчүн материалдар | 100,2 | 102,6 | 99,8 | 100,1 | 100,3 | 111,1 |
| электр энергиясы, газ жана башка отундар | 100,5 | 111,5 | 99,1 | 99,4 | 99,6 | 99,8 |
| газ | 99,9 | 155,3 | 99,9 | 99,5 | 99,2 | 99,7 |
| Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы | 100,6 | 100,6 | 101,7 | 102,3 | 100,3 | 101,1 |
| үй эмеректери жана тактага төшөлүүчүлөр | 100,6 | 100,0 | 101,1 | 101,7 | 100,3 | 100,0 |
| тиричилик текстилдик буюмдар | 100,1 | 100,7 | 112,0 | 113,7 | 100,0 | 107,4 |
| тиричилик шаймандары | 100,2 | 100,3 | 100,9 | 100,5 | 100,1 | 100,2 |
| айнек буюмдар, ашкана жана тиричилик шаймандары | 100,2 | 100,8 | 101,9 | 101,7 | 100,4 | 101,4 |
| саламаттыкты сактоо | 100,6 | 100,6 | 100,0 | 100,3 | 100,2 | 100,4 |
| транспорт | 102,9 | 98,6 | 98,2 | 99,8 | 99,3 | 100,7 |
| авторанспортту сатып алуу | 102,6 | 102,5 | 103,5 | 101,6 | 100,3 | 100,2 |
| күйүүчү-майлоочу материалдар | 89,4 | 96,6 | 96,0 | 97,6 | 98,9 | 104,4 |
| бензин | 88,8 | 97,9 | 95,5 | 97,5 | 99,5 | 105,9 |
| дизель отуну | 91,3 | 92,5 | 97,8 | 97,9 | 96,8 | 99,3 |
| транспорт кызмат көрсөтүүлөрү | 104,5 | 98,5 | 97,9 | 99,8 | 99,3 | 100,4 |
| байланыш | 92,8 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| эс алуу, көңүл ачуу жана маданий иш-чаралар | 100,1 | 102,3 | 100,9 | 100,7 | 100,6 | 100,2 |
| маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | 99,0 | 101,2 | 100,3 | 108,0 | 105,0 | 100,2 |
| газеталар, китептер жана кеңсе товарлары | 100,2 | 101,5 | 100,3 | 100,1 | 100,3 | 100,5 |
| билим берүү | 100,4 | 100,1 | 100,0 | 100,0 | 100,1 | 100,0 |
| ресторандар жана мейманканалар | 100,8 | 100,2 | 104,8 | 100,0 | 102,0 | 100,6 |
